БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 01-25/____ буйругу

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгы жөнүндө ЖОБО

1. **Жалпы жоболор**
2. **Милдеттери**
3. **Функциялары**
4. **Укуктары**
5. **Түзүмү**
6. **Жоопкерчилиги**

1. Жалпы жоболор

1. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгы (мындан ары – башкармалык) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) өз алдынча түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

2. Башкармалык өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Агенттиктин ички ченемдик актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Башкармалыктын иши Агенттиктин директорунун жалпы жетекчилиги алдында, ошондой эле тиешелүү багытты тейлеген директордун орун басарынын жетекчилиги алдында жүзөгө ашырылат.

4. Башкармалык өз ишин жүзөгө ашырууда түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр менен, ошондой эле жетекчиликтин тапшырмасынын негизинде мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык жана эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенет.

2. Милдеттери

5. Башкармалыктын милдеттери:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына стратегиялык программалык документтерди ишке ашырууга көмөктөшүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аймактарды/ шаарларды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөктөшүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү;

- мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө маселелерин координациялоо;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүүнү уюштурууга көмөктөшүү;

- мамлекеттик башкарууну децентрализациялаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча агенттиктин башкаруусунун координациялоочу ролун ишке ашыруу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда координацияланган өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүүчү министрликтер жана ведомстволор менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук, социалдык-экономикалык, финансылык негиздерин жана аны жүзөгө ашыруунун мамлекеттик кепилдиктерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды талдоо жана даярдоо;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү, алардын жергиликтүү жамааттын алдындагы жоопкерчилигин күчөтүү;

- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, административдик-аймактык түзүлүштү өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо.

3. Функциялары

6. Башкармалыктын функциялары:

- башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын жана башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тапшырмалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын оптималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- жергиликтүү бюджеттин каражаттарын, экономикалык жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте киргизүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды жана башка документтерди, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча программалардын, концепциялардын жана башка стратегиялык документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана макулдашууга катышуу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык, финансылык ишин иликтөө жана талдоо, аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын жана буйруктарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана буйруктарынын талаптарынын, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чечилишинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышынын абалын изилдөө;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү, баалоо жана талдоо жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү, бул маселеге тиешелүү документтерди кароо;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча өз ара аракеттенүү;

- мамлекеттик каржылоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргелешип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын типтүү түзүмдөрү жана штаттык санынын чеги боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө эл аралык келишимдердин долбоорлорун даярдоого катышуу жана эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашыруу;

- муниципалитеттер аралык кызматташуу үчүн шарттарды түзүү, аларды ишке ашырууда көмөк көрсөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүүгө көмөктөшүү, алардын жергиликтүү жамааттын алдындагы жоопкерчилигин күчөтүү;

- муниципалдык кызматчылардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын активдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышуу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин негизги багыттары боюнча маалымат базасын түзүү жана жүргүзүү, "Санариптик аймак" автоматташтырылган системасы аркылуу мамлекеттик органдарга, башка юридикалык жана жеке жактарга маалыматтарды берүү;

- “Санарип аймак” автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин санариптештирүүгө, мамлекеттик органдарга жана башка юридикалык жана жеке жактарга маалымат берүүгө көмөк көрсөтүү жана санариптик технологияларды колдонууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин негизги багыттары боюнча маалыматтар базасын түзүү жана жүргүзүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча улуттук деңгээлде эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү;

- зарыл чараларды көрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу

чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын карoo;

- мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча консультациялык, методикалык жана маалыматтык жардам көрсөтүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына инвестициялоо программаларын жана долбоорлорун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын ишке ашырууга мониторинг жана талдоо жүргүзүү;

- мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жана талдоо жүргүзүү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;

- “Эң мыкты айыл өкмөтү” жалпы республикалык сынагын өткөрүүнү уюштуруу боюнча иштерди жүргүзүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосунда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын ортосунда пайда болгон талаш кырдаалдарды карoo, аларды чечүү боюнча сунуштарды даярдоо жана Агенттиктин жетекчилигинин кароосуна киргизүү;

- расымдык уюмдардын реестрин түзүүнү жана жүргүзүүнү көзөмөлдөө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөлүмдүн милдеттерине шайкеш келген башка функцияларды аткаруу.

4. Укуктары

7. Башкармалыктын укуктары:

- Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана башка уюмдардан ушул Жободо аныкталган функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды белгиленген тартипте алууга;

- компетенциясынын чегинде Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрү, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар, ошондой эле жеке жактар менен өз ара аракеттенүүгө;

- компетенциясына кирген маселелер боюнча белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана башка уюмдардын жетекчилерин жана адистерин тартуу аркылуу кеңешмелерди өткөрүүгө;

- өз ишинин багыттары боюнча ведомстволор аралык комиссияларды, эксперттик кеңештерди жана жумушчу топторду түзүүгө;

- Агенттиктин өкүлү катары жергиликтүү кеңештердин сессияларына,

шаарлардын мэрияларынын коллегияларынын жыйналыштарына жана башка иш-чараларга катышууга;

- Агенттиктин жетекчилигине бөлүмдүн ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө.

5. Түзүмү

8. Башкармалык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Агенттиктин директору тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу башкармалыктын начальнигинен, башкармалыктын түзүмүнө кирген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары бөлүмүнөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнөн жана административдик-аймактык түзүлүш маселелери боюнча бөлүмүнөн турат.

9. Башкармалыктын начальниги башкармалыктын ишин жетектейт жана жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

10. Башкармалыктын курамына кирген бөлүмдөр башкармалыктын начальнигине түздөн-түз баш ийет жана өз ишмердүүлүгүн жүктөлгөн милдеттердин чегинде жүзөгө ашырат.

11. Башкармалыктын жана анын түзүмүнө кирген бөлүмдөрдүн кызматчыларынын функционалдык милдеттери ушул Жобого ылайык аныкталат жана Агенттиктин буйругу менен бекитилет.

12. Башкармалыктын кызматчыларын материалдык камсыздоо жана социалдык коргоо “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлөт.

6. Жоопкерчилиги

13. Башкармалыктын кызматчылары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дисциплинардык, административдик, материалдык жана кылмыштык жоопкерчиликке тартылышат.

14. Башкармалыктын кызматчыларына карата укукка каршы жүрүм-туруму жана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипке ылайык тартиптик жаза колдонулушу мүмкүн.

15. Башкармалыктын кызматчыларына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексин бузгандыгы үчүн ушул кодексте белгиленген тартипте чаралар көрүлөт.

16. Башкармалыктын кызматчылары жетекчинин оозеки тескемесинин мыйзамдуулугуна шектенүү пайда болгон учурларда ошол тескемени жазуу жүзүндө ырастоону талап кылууга милдетүү. Эгерде жетекчи же ал жок учурда тескеме чыгарган жетекчи тескемени жазуу жүзүндө тастыктаса,

мамлекеттик кызматчы аны аткаруу администрациялык же жазыктык жактан жазалануучу жосун болуп эсептелгенден башка учурларда аны аткарууга милдеттүү.

17. Башкармалыктын кызматчылары төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликке тартылышат:

- жарандардын укуктарын, эркиндигин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга алып келген укукка жат аракеттери жана аракетсиздиктери үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык;
- өз ишинин натыйжалуулугу үчүн;
- функционалдык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн.